**Онлайн-идентификация деген эмнени билдирет?**

Бул, банкка барбастан эле, жеке адамдар үчүн аралыктан каржылык кызматтардан пайдалана алуу мүмкүнчүлүгү.
Бул кызмат жеке маалыматтар жана жөнөкөй анкетаны толтуруу аркылуу кардардын инсандыгын аныктоо менен кардардын ким экендигин ырастоого мүмкүндүк берет.

**Онлайн идентификациядан ким өтө алат?**

• Арызды толтуруп жаткан учурда "РСК Банк" ААКда эсептери жок жеке адамдар;
• Өтүнмө ээсинде Кыргыз Республикасынын  жараны паспорту болушу керек жана Кыргыз Республикасында катталган уюлдук телефон номери болушу керек (номерди ырастоо үчүн көрсөтүлгөн номерге бир жолку сырсөзү менен смс-билдирүү, уникалдуу каттоо номери жана алынган өтүнмөнүн абалы (статус) жөнөтүлөт,).

**Онлайн идентификация жол-жобосунан өтүшкөн кардарлар үчүн кандай кызматтар жеткиликтүү болот?**

• карта эсебин ачуу;

• RSK 24 мобилдүү тиркемесине туташуу.

** Онлайн-идентификациялоо учурунда эсеп боюнча каражаттарды жумшоого төмөнкүдөй чектөөлөр (лимит)  колдонулат:*

*• күнүнө 15000 сом (150 эсептешүү көрсөткүчтөрү);*
*• айына 30 000 сом (300 эсептешүү көрсөткүчтөрү).*

**Онлайн-идентификациялоо үчүн арызды толтуруу эрежелери**

• Өтүнмө ээси анкетанын бардык пункттарын туура толтуруусу зарыл;
• Өтүнмө ээсинин паспортунун эки тарабындагы сүрөттөрдү жана колунда паспортту кармаган жеке сүрөтүн тиркөө зарыл. Алынган сүрөттөр сапаттуу жана ачык-даана болууга тийиш.

**Өтүнмө ээсинен кандай учурларда онлайн идентификациядан баш тартылат?**

• Өтүнмө ээсинин «РСК Банк» ААКта активдүү эсептери болсо;

• Өтүнмө ээсинин ким экендигин аныктоого мүмкүндүк бербесе;

• Өтүнмө ээси берген маалымат текшерилбесе же Өтүнмө ээсинин өтүнмөсүндө көрсөтүлгөн маалыматтар дал келбесе;

• керектүү документтерди берилбесе жана өтүнмөдө көрсөтүлгөн талаптар аткарылбаса;

• Өтүнмө ээси өз ыктыяры менен эмес жана / же башка адамдардын кысымы астында деген шектенүү болуп калса;

• эгерде идентификация террористтик иш-аракетти каржылоо жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштыруу (адалдоо) максатында демилгеленген белгилер бар болсо.

**Онлайн идентификациялоо үчүн Өтүнмөнүн статусун кантип билүүгө болот?**

Эки ыкмасы (вариант) бар:

• Өтүнмө ээсинин мобилдүү телефон номерине смс-билдүү келет;

• РСК Банктын www.rsk.kg деген веб-сайтында “Идентификациялоо үчүн өтүнмөнүн статусун текшерүү” бөлүгүндө сиздин кайрылууңуздун каралып жаткан баскычын көзөмөлдөөгө болот. Мында салык төлөөчүнүң идентификация номерин (СИН) жана мурда смс-билдирүү аркылуу алынган уникалдуу каттоо номерин жазуу керек.

**Кардар банктык кызматтардын толук спектрин алууну каалаly?**

Идентификациядан толук өтүү жана чектөөлөрдү алып салуу үчүн кардар Банкка келип, ким экендигин ырастоочу документтин түп нускасын берүүгө тийиш.